Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

## №2 ПРОТОКОЛУ

*16-октябрь, 2017-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*
1. Магистрдик диссертациялардын жана квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин, курстук иштердин темаларын бекитүү;
2. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш) мониторигдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү;
3. ИЭТ, ИСТ багыттары боюнча "Негизги билим берүү программаларын" жана тиешелүү багыттар боюнча "Информациялык пакеттин" мазмунун талкуулоо жана бекитүү;
4. Ар түрдүү маселелер.

**3 - маселе**

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* 2017-18- окуу жылында ИЭТ жана ИСТ багыттары жана магистратура боюнча негизги билим берүү программаларынын мазмуна 2016-жылдын 10-апрелинде өткөзүлгөн иш берүүчүлөр менен биргеликте өткөзүлгөн жыйында иш берүүчүлөрдүн сунушу боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. Алардын сунушу боюнча өндүрүшкө байланышкан бир нече дисциплиналар киргизилди. Мисалы, **710100 «Информатика жана эсептөө техникасы»** багыты, "ПОВТАС" профили боюнча

| Блок | п/№ | Дисциплиналардын аталыштары | Окуу планында пландаштырылган семестри | Окуу планында кредиттин көлөмү |
|---|---|---|---|---|
| ГСЭ | ЖОЖ комп | Экономика | 3 | 2 |
| МЕН | ЖОЖ комп | Прикладная математика | 3 | 8 |
| | | Visual C# чөйрөсүндө консолдук жана Windows тиркемелерин иштеп чыгуу | 5 | 9 |
| | | Мультимедия технология | 6 | 3 |
| | | ГИС-технология | 7 | 6 |
| | | MySQL системасында берилгендер базасы менен иштөө | 8 | 2 |

Ал эми **710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багыты "Экономикадагы нформациялык системалар жана технологиялар" профили

| Блок | п/№ | Окумуштуулар Кеңеши же студенттер тандаган дисциплиналар-дын аталыштары | Окуу планында пландаштырылган семестри | Окуу планында кредиттин көлөмү |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кесип тик | ЖОЖ комп | Экономика | 3 | 2 |
| МЕН | ЖОЖ комп | Эсептөө математикасы жана математикалык логика | 3 | 8 |
| ОПД | ЖОЖ комп | Экономикалык системаларды моделдештирүү | 5 | 3 |
| | | Информациялык коопсуздук, информацияны коргоо жана информациялык системалардын ишенимдүүлүгү | 6 | 3 |
| | | Финансы жана салык салуу системасы | 6 | 4 |
| | | Интернет программалоо технологиялары | 6 | 4 |
| | | Бухгалтердик эсептин негиздери жана ишкананын админстирдик чарба ишмердүүлүгү | 6 | 6 |
| | | 1С Предприятие'де программалоо жана администирлөө | 8 | 3 |
| | | Банк иши жана кредиттик мамилелер | 8 | 3 |
| | | Эконометрика | 8 | 3 |
| | | Язык программирования на Python | 5 | 4 |
| | | 1С программалык продукталарында иштөө, ГИС-технология | 6 | 4 |
| | | 1С программалык продукталарында иштөө | 7 | 5 |
| | | 1С программалык продукталарында иштөө | 8 | 3 |

**710200 «Информациялык системалар жана технологиялар»** багыты "Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар" магистратура боюнча да өзгөртүүлөр болду. Андан сырткары НББПнын мазмунуна 2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялангандыктан **710100 «Информатика жана эсептөө техникасы»** багыты НББПнын мазмунуна тактап айтканда 5-максатка өзгөртүүлөр киргизилди:

**М5.** Эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алууда, ресурстарды рационалдуу жана үнөмдүү пайдаланууда ата мекендик жана чет элдик тажрыйбалардын илимий-техникалык маалыматтарын, анализдөө менен колдоно билүүдө, стратегиялык пландаштырууда информациялык-коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу чет элдик адистер менен мамилелешип иштөөгө жөндөмдүү болгон бүтүрүүчүлөрдү чыгаруу.

**«Информациялык системалар жана технологиялар»** багыты "Экономикадагы нформациялык системалар жана технологиялар" профили бакалавр боюнча да НББПнын мазмунуна тактап айтканда ОН-9: **Ресурстарды рационалдуу пайдалануу ишмердүүлүгү:** ишкана-мекеменин ресурстарын үнөмдүү жана рационалдуу колдонуу менен программалык комплекстердин үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылууга; экономика багытында чыгымдарды азайтууга жана өндүрүлгөн продукциянын сапатын жогорулатууга; ресурстарды оптималдуу колдонууга керек болгон билимдерди окуп-үйрөнүүгө жана колдонууга жөндөмдүү окутуу натыйжасына толуктоолор киргизилди.

Ушул өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгын студенттерге, бүтүрүүчүлөргө, иш берүүчүлөргө, ата-энелерге жеткирүүбүз зарыл.

*С. Тажикбаева (Программалоо кафедрасынын улук окутуучусу):* НББПнын мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр боюнча, башкача айтканда, кошулган дисциплиналар боюнча аннотацияларды тиешелүү окутуучулардан алып, алардын үстүнөн иштеп жатабыз. 2017-жылды Ыйман, адеп жана маданият жылы деп жарыялангандыктан НББПнын максаттарында өзгөртүүлөр болду. Аларды да кайрадан иштеп жатабыз.

*Маткалык кызы Кымбат (Программалоо кафедрасынын окутуучусу):* Иш берүүчүлөр тарабынан сунушталган дисциплиналар боюнча квалификацияны жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзүп жатабыз. Андан сырткары ар бир багыт боюнча НББПда жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр боюнча студенттерге, бүтүрүүчүлөргө, ата-энелерге жана иш берүүчүлөргө иш-чара уюштуруу аркылуу маалыматтарды жеткиребиз.

*Г. Омаралиева (Программалоо кафедрасынын окутуучусу):* ИСТ адистиги экономикалык багытка көбүрөөк басым жасалгандыгына байланыштуу НББПнын мазмунуна өзгөртүүлөр киргизилди. Бул өзгөртүүлөр боюнча студенттерге маалымат жеткиребиз.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча негизги билим берүү программаларынын жана информациялык пакеттердин мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр туура жана так талапка ылайык даярдалсын жана аны даярдоо жагы жооптууларга жүктөлсүн.
2. НББПга киргизилген өзгөртүүлөрдү бекитип берүү жагы факультеттин Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.
3. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча кураторлор НББП жана информациялык пакет боюнча кураторлор куратордук сабактарды өтүшсүн жана аны көзөмөлдөө жагы кафедра башчысы А. Сопуевге жүктөлсүн.

Кеңешменин төрагасы: Сопуев А.

Катчы: Абдирайимова Н.